قرغيزي

# Ыйык Куран деген эмне?



## Ырайымдуу жана Мээримдүү Аллахтын аты менен.

Ыйык Куран - бул ааламдардын Раббиси жана Жаратуучусу болгон Аллахтын сөзү. Аллах ал ыйык Куранды Пайгамбарлардын жана Элчилердин эң акыркысы Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламга, адамзатка алардын жаралуу максатын түшүндүрүү үчүн, аларды бул дүйнө жана акыретте бактылуу боло турган жолго багыттоо үчүн жана өлүмдөн кийинки түбөлүк азаптан куткаруу үчүн түшүргөн. Ал ыйык Куран өзүнөн мурда түшүрүлгөн китептерди тастыктоочу, андагы өкүмдөрдү жокко чыгаруучу жана Аллахтан түшкөн китептердин эң акыркысы.

Ыйык Куран - бул түбөлүктүү белги, мужиза жана Аллахтын Элчиси Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламдын, пайгамбарлыгына ачык далил. Аллах инсандарды жана жиндерди бир сүрөө болсо да Куранга окшошун ойлоп табууга чакырык таштады. Бирок алар муну кыла алышпады.

Ыйык Куран 1400 жыл алдын түшүрүлгөндөн бери адамдар аны бурмалашкан эмес жана өзгөртүшкөн эмес. Ал түшүрүлгөн араб тилинде сакталып кала берет, анткени Аллах Таала аны акыр заманга чейин сактап калууга кепилдик берген.

Ыйык Куран - Ислам дининин негизги булагы. Ыйык Куран - бардык убакта жана бардык жерде адам жашоосун тартиптештирип жана аларды башкарып турган конституция. Ал жалгыз Жаратуучу болгон Аллахка ибадат кылууга чакырып, адам Раббисин жана динин таанып-билүү үчүн эмнелер керек экендигин жана ааламдын жаралышынын башталышын, адамдын жаралуу баскычтарын баяндайт. Анда мурун болуп өткөн жана келечектеги кайып кабарлар, мурунку пайгамбарлардын окуялары, Аллах аларга кантип жардам берип, душмандарын жок кылганын кабар берет. Анда ибадаттын жана соода-сатыктын негиздери, мактоого татыктуу адеп-ахлакка чакыруу жана жаман ахлактан эскертүүлөр айтылган. Акыретке кайра барганда бейиш момундардын мекени же тозок заалымдардын жана каапырлардын мекени болоору туурасында айтылган.

Урматтуу окурман! Аллах араб тилинде түшүргөн жана аны адамзатка жеткирүүнү буйруган бул улуу Куран китептин маанилүүлүгүн түшүнүүнү жеңилдетүү жана аны башкаларга жеткирүү үчүн анын маанилерин сиздин тилиңиздеги котормосун сизге тартуулоо бизди кубандырат. Котормочу топ анын маанисин түшүнүү жана которуу үчүн бардык күч-аракетин жумшады. Котормо канчалык так болсо да, ал котормо адамдын ар кандай аракетинен жогору турган ыйык Курандын кереметтүү тексти көрсөткөн улуу маанилерди камтый албайт. Ким Ыйык Куран алып келген чындыктарды билгиси келсе, анда ага араб тилин үйрөнүүгө насаат кылабыз.

Пайгамбарларга саламдар жана ааламдардын Раббиси Аллахка мактоо-шүгүрлөр болсун.

Ыйык Курандын энциклопедиясы.

Ыйык Куран Энциклопедиясынын

**www.quranenc.com**

веб-сайтындагы ар бир аяттын алдында жайгашкан эскертүүлөр терезеси аркылуу котормону өнүктүрүү боюнча сунуштарыңызды жана сын-пикирлериңизди кабыл алууга даярбыз жана биз кубанычтабыз. Эгерде сиз биз менен байланышууну кааласаңыз, анда бизге электрондук кат жазсаңыз болот:

**info@quranenc.com**

www.islamHouse.com